**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Акушердик гинекология жана хирургиялык дициплиналар» кафедрасынын кезектүү жыйынынын**

# №7 ПРОТОКОЛУНАН

**Торайым: м.и.к.,доцент:** Н.А.Каримова

**Катчы:** Нурзита Сатыбалды кызы

**Катышкандар:** 20

**Отулуучу жай:** 408

**23.01.2026**

## Кун тартиби:

1. **Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу иш чараларын уюштуруу**
2. **Кафедранын окутуучуларынын жергиликтуу жана эл аралык (Scopus.Web of science)журналдарга макала жазуу иш аракеттерине анализ**
3. **2025-2026 окуу жылынын экинчи жарым жылдыгынын ОМК жаңылоо жана бекитуу**
4. **Кышкы экзаменациялык сессиянын жыйынтыктары**
5. **НААР аккредитациясы: учурдагы абалы жана негизги талаптары**
6. **Жазгы семестрге карата милдеттерди бөлүштүрүү: отчет жана план**
7. **" Мыкты дебют" конкурсуна Каныбекова Ж.К. сунуштоо**

**1-маселе: Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу иш чараларын уюштуруу**

**Угулду:**
Кафедра башчы м.и.к.,доцент Каримова Н.А.тарабынан окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жана алдыдагы пландар тууралуу маалымат берди. Маалыматта окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу курстарына, семинарларга, тренингдерге жана онлайн-платформалардагы окууларга катышуусу маанилүү экендиги белгиледи. Ошондой эле, заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүү, педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу жана илимий потенциалды өнүктүрүү зарылдыгын баса белгилеп отту.
**Сөзго чыкты:** Жыйында улук окуттуучу Маткасымова Г.А. окутуучулардын үзгүлтүксүз билим алуусу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга оболго түзөрүн белгиледи. Квалификацияны жогорулатуу боюнча жеке пландарды түзүү зарылдыгы сунушталды.

Сканировано с CamScanner

**Сөзгө чыкты:** Кайыпов А.А.аккредитацияга даярдык көрүү процессинин жүрүшү, окуу-методикалык документациялардын абалы, кадрдык камсыздоо, материалдык-техникалык база, илимий ишмердүүлүк, студенттердин практикалык даярдыгы жана ички сапаттык контролдоо системасы боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маалымат берилди. Ошондой эле, айрым кемчиликтер жана аларды жоюу жолдору көрсөтүлдү.
**Талкууланды:** Жыйындын катышуучулары НААР аккредитациясы кафедранын ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууда маанилүү роль ойноорун белгилешти. Бардык кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу жана талаптарга ылайык документацияларды өз убагында даярдоо зарылдыгы сунушталды.

**6-маселе: Жазгы семестрге карата милдеттерди бөлүштүрүү: отчет жана план**

**Угулду:** Жазгы семестрге карата кафедра башчысынын отчету жана алдыдагы иш-планы угулду. Маалыматта кафедранын негизги иш багыттары боюнча милдеттерди бөлүштүрүү зарылдыгы белгиленди. Атап айтканда, окуу-тарбия процессинин сапатын жогорулатуу, окутуучулардын жоопкерчилигин арттыруу жана ишмердүүлүктү системалаштыруу маселелерине көңүл бурулду.

- Окуу-методикалык документация ;
- Билим берүү программалары жана силлабустар ;
- Кадрдык курам;
- Илимий ишмердүүлүк жана публикациялык активдүүлүк ;
- Клиникалык базалар жана практикалык даярдык ;
- Материалдык-техникалык камсыздоо жана симуляциялык окутуу ;
- Студенттик кружоктор жана олимпиадалар ;
- Кураторлук иш;
- Кафедрадагы тартип жана дисциплина

**Талкууланды:** Жыйындын катышуучулары жазгы семестрде иштерди өз убагында жана сапаттуу аткаруу үчүн ар бир багыт боюнча жооптууларды так аныктоо зарылдыгын белгилешти.

**7-маселе: "Мыкты дебют" конкурсуна Каныбекова Ж.К. сунуштоо**

**Угулду:** Кафедра башчы тарабынан «Мыкты дебют» конкурсуна АГХД кафедрасынын атынын талапкерлерди сунуштоо маселеси каралды. Жыйындын катышуучулары Каныбекова Ж.К. конкурска сунушталууга толук татыктуу экенин, анын педагогикалык жана илимий медициналык потенциалы конкурстун талаптарына жооп берерин ырасташты. Жыйынтыгында кафедра окуттучуларынын макулдашуусунун негизинде **"Мыкты дебют"** конкурсуна **Каныбекова Ж.К.**нын катышуусу сунушталды.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отурум токтом кылат:**

Сканировано с CamScanner

Токтом

1.Ар бир окутуучу жыл ичинде кеминде бир квалификацияны жогорулатуу курсунан өтсүн.

2. Scopus жана Web of Science базасында индекстелген журналдарга макала даярдоо боюнча иш-чаралар күчөтүлсүн.

-Илимий макала жазуу боюнча семинарлар жана консультациялар уюштурулсун.
-Тажрыйбалуу окутуучулар тарабынан жаш кадрларга методикалык жардам көрсөтүлсүн.

3. 2025–2026-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгына карата бардык дисциплиналар боюнча ОМКлар жаңылансын.

4. Кышкы экзаменациялык сессиянын жыйынтыктары канааттандырарлык деп табылсын.

5. Документацияларды иретке келтирүү жана жаңылоо иштери күчөтүлсүн.

6. Ар бир жооптуу окутуучулар багыт боюнча иш-план түзүп, белгиленген мөөнөттө кафедрага тапшыруусу милдеттендирилсин.

7. «Мыкты дебют» конкурсуна АГХД кафедрасынын атынан Каныбекова Жылдыз Каныбековна талапкер катары сунушталсын.

Торайым: м.и.к.,доцент: Н.А.Каримова

Катчы: Сатыбалды к Н

Сканировано с CamScanner